**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ПСИХОЛОГИЯ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

# Окумуштуулар Кеңеши
**№1 (2020-жыл, 2-октябрь)**




***Күн тартибинде:***

**1.**Жаңы окуу жылындагы уюштуруу иштери жөнүндө.
2020-2021-окуу жылы үчүн факультеттин, кафедралардын жылдык, кураторлордун тарбиялык иш-пландарын талкуулоо жана бекитүү.

**2.**Мамлекеттик, педагогикалык, талаа, этнопедагогикалык ж.б.у.с. практикалардын жыйынтыгы, абалы, проблемалары (***жооптуу: К.Жээналиев***).

**3.**Ар түрдүү маселелер.
**Конкурстук шайлоолор.**

**ОШ – 2020**

Scanned with CamScanner

**Кыргыз Республикасынын гимни**

Сөзү: Ж.Садыковдуку жана Ш.Кулуевдики
Музыкасы: Н.Давлесовдуку жана К.Молдобасановдуку

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*
*Алгалай бер, кыргыз эл,*
*Азаттыктын жолунда.*
*Өркүндөй бер, өсө бер,*
*Өз тагдырың колуңда.*

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма:*
*Алгалай бер, кыргыз эл,*
*Азаттыктын жолунда.*
*Өркүндөй бер, өсө бер,*
*Өз тагдырың колуңда.*



Scanned with CamScanner

**2019-2020-окуу жылындагы практиканын бардык түрлөрү боюнча маалымат**

2019-2020-окуу жылда мамлекеттик, педагогикалык, талаа, этно-фольклордук ж.б.у.с. практикалардын жыйынтыгы, абалы, проблемалары жөнүндөгү маселе боюнча:

Педагогика, психология жана дене тарбия факультетинде окулган адистиктер үчүн төмөндөгүдөй практиканын түрлөрү күндүзгү, дистанттык бөлүмдөрү боюнча студенттер практикага чыгышып, алган теориялык билимдерин практикада айкалыштырып, ийгиликтүү өтөп келишти жана абалга жараша пандемия мезгилинде практикасын өтпөй калган студенттер азыркы күндө практикаларын өтөп жатышат.

**Практиканын түрлөрү:**

1.Мамлекеттик практика (3-курс, колледж дене тарбия адистиги, 4 апта);

2.Педагогикалык практика (2-курс, МНО адистиги күндүзгү бөлүм, 2 апта);

3.Кесиптик-базалык практика (МНО адистиги дене тарбия адистиги, 4 апта);

4.Талаа, этно-фольклордук практика (МНО адистиги 3-курс, күндүзгү бөлүм, 2 апта);

5.Кесиптик профильдик практика (МНО адистиги 4-курс, 11 апта жана дене тарбия адистиги 4-курс, 4 апта күндүзгү бөлүмү. МНО адистиги 5-курс 11 апта жана дене тарбия адистиги 5-курс, 4 апта дистанттык бөлүмүнүн адистиктери) практикага чыгышты.



Scanned with CamScanner

МНО адистигинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн бакалавр 4-курсунун кесиптик-профильдик практикасын 2019-жылдын 16-сентябрынан 30-ноябрга чейин өтөдү. НО(б)-1-16 тайпасы 30 студент, НО(б)-2-16 тайпасы 37 студент НО(б)-3-16 10 студенттери практикасын ийгиликтүү өтөштү.

2019-жылдын 23-сентябрынан 2-ноябрына чейин кесиптик-профилдик практикасын "Психология" адистигинин 4-курсунун күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери өттү.

"Башталгыч билим берүү" адистигинин дистанттык окуу бөлүмүнүн 5-курсунун студенттери 2019-жылдын 14-октябрынан 21-декабрына чейин "Дене тарбия" адистигинин 5-курсунун студенттери 14-октябрынан 16-ноябрга чейин кесиптик-профилдик практикасын өтөштү.

МНО жана "Дене тарбия" адистигинин дистанттык окуу бөлүмүнүн 3-курсунун студенттери 2019-жылдын 21-октябрынан 2-ноябрына чейин адаптациялык жана мектеп практикасын өтөштү.

"Башталгыч билим берүү" жана "Мектепке чейинки билим берүү" адистигинин күндүзгү бакалавр бөлүмүнүн 2-курсунун студенттери 2020-жылдын 17-февралынан 29-февралына чейин адаптициялык практикасын өтөштү.

"Дене тарбия" аддистигинин 4-курсунун күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери 24-февралынан 21-мартка чейин кесиптик-профилдик практикасын өтөштү.

МНО адистигинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн 3-курсунун студенттери 2019-жылдын 13-апрелинген 9-майга кесиптик-базалык практика, 11-майдан 16-майга чейин талаа практикасын жана 18-майдан 23-майга чейин этно-фольклордук практикасын өтөштү.

Шартка байланыштуу эпидемия мезгилиндеги өтпөй калган студенттер 2020-жылдын 24-августунан 20-сентябрына чейин "Дене тарбия" адистигинин 3-курсунун коллежд бөлүмү мамлекеттик практикасын өтөштү.



Scanned with CamScanner

"Башталгыч билим берүү", "Мектептке чейинки" адистигинин дистанттык окуу бөлүмүнүн студенттери кесиптик-базалык практикасын 2020-жылдын 8-сентябрынан 20-октябырына чейин өтөп жатышат.

2020-жылдын 25-майында саат 14:00 дө практикалардын бардык түрлөрү боюнча видео конференция өткөрүлдү. Конференция бардык усулчулар жана ар бир тайпанын студенттери активдүү катышышты.

Ошондой эле жыл ичинде окуу планы боюнча өткөрүлгөн практиканын түрлөрү боюнча студенттерге методикалык жардам көрсөткөн активдүү методисттерди белгилеп кетсек болот. Ибайдуллаев А., Идаев Б., Бообекова А., Алиева К., Жеенбаев Г., Шайимкулова М., Анаркулов Р., Муратбаев Б., Изамаматов А., Мөнөкбаев А., Жолдошева А., Бакубаева С., Бекмуратов З., Өмүрзакова Г., Г.Алимбековаларга ыраазычылык билдирем.

**Сунуштар:**

1.Кафедраларда окуу жылынын аягында такталып, тажрыйбалуу методистердин тизмелери берилсе.

2.Практиканы өткөрүү боюнча жоболор жана студенттердин практика мезгилинде аткаруучу милдеттери такталып, тийиштүү кафедралар тарабынан факультеттин өзгөчөлүгүнө ылайык усулдук колдонмолор иштелип чыкса;

3.Кафедра башчылары тарабынан усулчулардын практика боюнча бөлүнгөн сааттардын аткарылышын катуураак көзөмөлгө алынса;

4.Практика боюнча усулчулар өздөрүнүн эсеп-кысаптары факультеттин практика башчысына тапшырылып, сакталса;

5.Практиканын сааттары тажрыйбалуу окутуучуларга бөлүштүрүлсө.

6.Практика учурунда алган билимин жакшы пайдалануу үчүн эллективдүү курстардын катарына адистиктер боюнча практикимум предмети киргизилсе.



Scanned with CamScanner

**Чечимдер:**

1.Факультеттеги практикалардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү жөнүндөгү К.Жээналиевдин билдирүүсү эске алынсын.

2.Практикалардын ар бир түрүнө ылайык тиешелүү ОМКларды, жумушчу программаларды, силлабустарды окутууга компетенттүүлүк мамиленин талабына ылайык түзүү, аны көзөмөлдөө кафедра башчыларына милдеттендирилсин.

3.Практикалар боюнча тиешелүү кафедралардын чечимдерди аткаруу, окуу процессин өркүндөтүү боюнча жоопкерчиликтери күчөтүлсүн.

4.Практиканын түрлөрү боюнча кафедралар, методисттер тарабынан усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу жагы колго алынсын.

5.Практика учурунда алган билимин жакшы пайдалануу үчүн эллективдүү курстардын катарына адистиктер боюнча практикимум предмети киргизилсин.

Практика башчысы: К.Жээналиев



Scanned with CamScanner

**3.Ар түрдүү маселелер.**

**Конкурстук шайлоолор.**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Муратбаев Б.Б.

Катчысы: Бообекова А.



Scanned with CamScanner